**Изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик пикир**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу окуу программаларды өзгөртүү, окуу китептерин, колдонмо каражаттарды, окутуу технологияларын жаңылоо, компетенттүү иш билги мугалимдерди даярдоону талап этет. Арийне, булардын баары мектеп мейкиндигиндеги милдеттердин катарына кирет. Жалпыга маалым балдардын мектептеги алган билимдерди андан ары тереңдетип бекем өздөштүрүү үй шартындагы өз алдынча окуу иштерин аткаруу учурунда чындыкка айланат. Ошону менен бирдикте үй бүлө шартында айрыкча үйрөнүү тажрыйбасы али калыптана элек башталгыч класс окуучулары ар дайым көмөк жардамга муктаж болушат. Тилекке каршы, ата энелердин баары эле өз балдарынын окуу ишине туура көмөк көрсөтүүгө моралдык – психологиялык жана практикалык жактан даяр эмес. *Көпчүлүк ата-энелер балдардын окуу ишине жардам бергиси келбегендиктен эмес, кантип жардам берүүгө даярдыгынын жоктугунан ар дайым ар кандай шылтоолорду айтып өздөрүн оолак тутушат.* Ата энелердин мындай ишке даярдоону колго алуучу атайын мекеме –бул мектеп.Азырынча бул иште мектепке альтернатива болуучу башка мекеме жарала элек. Ал эми мектептердин мугалимдердин ата –энелердин педагогикалык функциясын аткарууга даярдыгын өркүндөтүү багытындагы иштери автор далилдүү белгилегендей олуттуу проблема катары колго алына элек. Ата –энелердин педагогикалык маданиятынын көрсөткүчтөрүн эмнелер түзөт? Биргелешкен иш аракеттер контекстинде аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары кайсылар? –деген маселелерге азыркы илимде да бир тараптуу жооп бериле элек. Демек, педагогика илиминин өнүгүшүнүн азыркы этабында айылдык

мектепте башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын көтөрүү үчүн үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын атайын иликтөө маселелери актуалдуу бойдон калууда.

Изилдөөнүн максаты менен натыйжаларынын ортосунда ички логикалык биримдик орчундуу дооматтарды коюууга мүмкүнчүлүк бербейт. Изилдөөнүн милдеттери, коргоого коюлган жоболор, кортундулар түгөлү менен анын мазмунуна дал келет. Изилдөөчү өзүнө чейинки эмгектерге таянуу менен бул маселенин ортого чыгыш детерминанттарын, социалдык жана илимий - педагогикалык негиздерин практикадагы абалын ой сыдыргысынан өткөрүп, аңдап чыгууну көзөмөл туткан.

Диссертациялык изилдөөнү максаты - айылдык мектептеги башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын жогорулатуу үчүн ата-энелердин педагогикалык билимдерин көтөрүүнүн, үй-бүлө менен мугалимдин биргелешкен иш аракетин уюштуруунун педагогикалык шарттарын түзүү жана аны мектеп практикасына киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу.

Диссертациядагы борбордук милдеттердин бири башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелеринин педагогикалык билимдерин өркүндөтүүнүн жолдорун жана мугалимдер менен үй-бүлөнүн бирдиктүү иш-аракеттерин уюштуруунун методикасын иштеп чыгуу. Калган милдеттердин баары маселени теориялык жактан негиздөө иштелип чыккан илимий –педагогикалык сунуштарды апробациялоо, анын негизинде жалпы масса үчүн методикалык нускамаларды иштеп чыгуу менен байланыштырылган. Коюлган милдеттер Кыргызстандын педагогикалык илиминин контекстиндеги чечилген маселелердин айдыңынан алып караганда жаңы. Изилдөөнүн методологиялык мүнөздөмөсү туралуу оң пикирибизди билдирүү менен төмөндөгүдөй бир мүчүлүштүктү көз жаздымда калтырууга болбойт. Биздин пикирибизде

диссертациянын аталышындагы эң өзөктүү доминанттык түшүнүк – “окуучулардын билим алуу сапатын жогорулатуу”. Калган түшүнүктөр ошол натыйжаны камсыз кылууга багытталган көмөкчү түшүнүктөр. Бирок, аталган түшүнүк өз алдынча милдет жана илимий –практикалык натыйжалардын бардык пункттарында текши чагылдырылса изилдөөнүн деңгээли дагы артмак. Ошондой болсо да Умарбекова Анара Анарбаевнанын диссертациялык изилдөөнүн проблемасын жана программасын долбоорлоо боюнча методологиялык компетенттүүлүгү олуттуу шек туудурбайт.

2. **Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында изденүүчүнүн өзү тарабынан алынган натыйжалар.**

**1-натыйжа.** Кыргызстандын айылдык мектептеринин башталгыч класс окуучуларынын билим сапатынын мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү, системдүү иш аракеттеринен көз карандылыгы социалдык жана илимий-теориялык жактан айкындалган(1.1. 1.2., 10- 51б.б.)

**2- натыйжа.** Башталгыч класс окуучуларынын ата-энелеринин педагогикалык билимдеринин мазмуну жана структурасы аныкталды (2.1. 73-89.) Аныкталган билимдер ата энелердин педагогикалык маданиятына карата заманбап талаптар менен шайкеш.

**3- натыйжа.** Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурунун жолдору иштелип чыгып, илимий-методикалык жактан негизделген. (2.1. 2.2., 89-122 б.б.)

**4-натыйжа.** Сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилген жана жана илимий негизде тастыкталган. (3.1., 3.2. 124-144 б.б.)

3. **Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

1- натыйжа. *Салыштырмалуу жаңы.* Кыргызстандын айылдык мектептеринин башталгыч класс окуучуларынын билим сапатынын мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү, системдүү иш аракеттеринен көз карандылыгы жөнүндөгү мурдагы аргументтер жана көз караштар жаңы социалдык –педагогикалык шарттарга ылайык кайрадан аңдалып такталган;

2- натыйжа. *Жаңы.* Анткени, башталгыч класс окуучуларынын ата-энелеринин педагогикалык билимдеринин мазмуну жана структурасы жаңы билим берүү парадигмаларына ылайык аныктоо иштери алгач ирет колго алынып олтурат; (2.1. 73- 89.) Аныкталган билимдер ата энелердин педагогикалык маданиятына карата заманбап талаптар менен шайкеш.

3- натыйжа. *Салыштырмалуу жаңы.* Ата-энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурунун жолдору туралуу автордун илимий –методикалык табылгалары мурдагы авторлор тарабынан айкындалган (Г. Мадаминов, Л. Е. Васильева, Т.И. Антонов, Е.П.Волков, Н.А.Мишина, О.Л.Зверева, Т.В. Кротова) илимий-методикалык билимдердин жаңы этабы болуп эсептелет. (2.1. 2.2., 89-122 б.б.)

4- натыйжа. *Жаңы,* сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте өз алдынча текшерилип жаңы натыйжалар алынган. (3.1., 3.2.)

**4. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

- мектеп жетекчилерин жана башталгыч класс мугалимдерин ата–энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өркүндөтүү багытындагы теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткүрүлгөн методикалык нускоолор менен камсыз кылат;

- ата –энелер тарабынан өзүнүн балдарды тарбиялоо боюнча билим жана тажрыйбасын өнүктүрүү максатында колдонулушу мүмкүн;
- изилдөөнүн материалдары айрыкча “Ата-энелерге кеңеш” аттуу колдонмо жана атайын курстун материалдары жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде жана орто педагогикалык окуу жайларында болочок мугалимдерди ата –энелер менен даярдоонун мазмунун жана методикасын өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

Алынган жыйынтыктар Талас жана Нарын областтарынын айрым мектептеринин башталгыч класстарынын жана областтык билим берүү усулдук борборлорунун иш практикасына киргизилип, алар атайын ишке киргизүү актысы менен бекемделген. Диссертациянын мазмунунан көрүнгөндөй Умарбекова Анара Анарбаевна башталгыч класс мугалими, университеттин педагогика кафедрасынын окутуучусу, изилдөөчү катары өтө жигердүү мамиле жасагандыгы ар кандай колдоо жана урматтоого арзыйт.

5. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар башталгыч мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу маселелеринин илимий-методикалык камсыздоодо өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар илимий теориялык жоболорго жана эксперименттик тажрыйба иштеринин натыйжаларына негизделген.

Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт. Бул изденүүчүнүн башталгыч класс

окуучуларын тарбиялоонун теория жана практикасына кошкон салымын аныктай алат.

## 6. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, жыйынтыктарынын, корутундуларынын толук жарыяланышы.

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 18 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектеринде изилдөөнүн бардык компоненттерине таандык натыйжалар камтылган. Айрыкча формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды камтыган макалалар басымдуулук кылат. Макалалардын дээрлик бардыгы Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуш кылган басылмаларда жарыяланган. Ал эми географиясын Кыргызстандан сырткары Казахстан, Россия, Америка мамлекеттеринин басылмалары түзөт.

## 7. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.

Изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

## 8. Диссертация жана авторефераттын мазмунундагы айрым бир мүчүлүштөр катары төмөнкүлөрдү атап кетүүгө болот:

1. Изилдөөнүн методологиялык мүнөздөмөсү туралуу оң пикирибизди билдирүү менен төмөндөгүдөй бир мүчүлүштүктү көз жаздымда калтырууга болбойт. Биздин пикирибизде диссертациянын аталышындагы эң өзөктүү доминанттык түшүнүк – “окуучулардын билим алуу сапатын жогорулатуу”. Калган түшүнүктөр ошол натыйжаны камсыз кылууга багытталган көмөкчү түшүнүктөр. Бирок, аталган

түшүнүк милдет жана илимий –практикалык натыйжалардын бардык пункттарында текши чагылдырылса изилдөөнүн деңгээли дагы артмак. Ошондой болсо да Умарбекова Анара Анарбаевнанын диссертациялык изилдөөнүн проблемасын жана программасын долбоорлоо боюнча методологиялык компетенттүүлүгү олуттуу шек туудурбайт.

2. Диссертациялык изилдөөнүн алкагындагы жумуштардын негизинде ата энелердин балдарды окутуу ишине көмөк көрсөтүү боюнча кесиптик компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүш динамикасы туралуу маалыматтар кошумча берилсе аткарылган жумуштун баалуулуугу алда канча артмак.
3. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын айрыкча тажрыйба иштерин текст формасында жалпылоодо олуттуу мүчүлүштүктөр орун алган. Алсак, ата энелер менен мугалимдердин бирдиктүү иш аракеттерин уюштурунун жолдору (2.2.) илимий жактан жетишээрлик негизделбей методикалык процедуралар таризинде гана баяндалып калгандай таасир калтырат.(2.2., 89-122 б.б.) Бул кемчилик авторефератка да тиешелүү. (Автореф. 13-14 б.б.) . Диссертацияда аргументтөө, өз пикирин башка көз караштар менен салыштырып тастыктоо, типтүү педагогикалык кубулуштардан корутунду, аныктама чыгаруу, түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүү, ой корутундулоо, принциптерди мыйзам ченемдүүлүктөрдү айкындоого караганда баяндама стил басымдуулук кылат. Диссертация табияты боюнча фактыларды жана кубулуштарды салыштыруу, типтештирүү ой толгоонунун негизинде акыйкатты аныктоо ишмердүүлүгүгү экенин эстен чыгарбообуз зарыл.

Арийне аталган кемчиликтер диссертациянын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт. Умарбекова Анара Анарбаевнанын кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катары кароого болот.

Автореферат жана жарыяланган эмгектер негизинен диссертациянын мазмунун чагылдырат жана ага туура келет. Изилдөөнүн мазмуну жана

андагы алынган жыйынтык жободогу көрсөтүлгөн критерийлерге толугу менен жооп берет. Орточо баллдардын суммасы 4,8.

Изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу» аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Умарбекова Анара Анарбаевна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин**

**профессору, педагогика илиминин**

**доктору** **А. Алимбеков**

**А. Алимбековдун колун тастыктайм:**

**Критерии**

экспертной оценки диссертации Умарбекова Анара Анарбаевнанын «Айылдык башталгыч мектеп менен үй бүлөнүн бирдиктүү аракети аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу»

| № п/п | Основные критерии оценки | Количество баллов |
|---|---|---|
| | **Критерии актуальности** | |
| 1. | Изученность проблемы исследования | 5 |
| 2. | Обоснования актуальности избранной темы | 5 |
| 3. | Приоритетность подхода к разработке | 5 |
| 4. | Логичность авторской рабочей гипотезы | 5 |
| 5. | Формулировка и взаимосвязь цели и задачи | 5 |
| | **Сумма баллов** | **25** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Критерии новизны** | |
| 1. | Принципиальная новизна исследований | 4 |
| 2. | Новизна научно-методического подхода | 5 |
| 3. | Типология выдвигаемых основных положений | 4 |
| | **Сумма баллов** | **13** |
| | **Средний балл** | **4,3** |
| | **Критерии качества и уровня** | |
| 1. | Оргаизация и методология исследования | 4 |
| 2. | Научно- теоретические ресурсы | 5 |
| 3. | Научно- прикладные ресурсы исследования | 5 |
| 4. | Обоснованность проработки материалов | 5 |
| 5. | Теоретический результат (фундаментальность) | 4 |
| 6. | Практическая востребованность результатов | 5 |
| 7. | Степень реализации цели и задачи | 4 |
| | **Сумма баллов** | **33** |
| | **Средний балл** | **4,7** |
| | **Критерии апробированности** | |
| 1. | Полнота, уровень и географии публикации | 5 |
| 2. | Полнота и география публичной апробации | 5 |
| 3. | Степень удовлетворения заданной потребности | 5 |
| 4. | Личный вклад в исследование | 5 |
| | **Сумма баллов** | **20** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Критерии качества оформления** | |
| 1. | Качество оформления диссертации | 5 |
| 2. | Качество оформления автореферата | 5 |
| | **Сумма баллов** | **10** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Оценка качества «проводки» диссертации** | |
| 1. | Соответствие процедуры предзащитного рассмотрения | 5 |
| 2. | Соответствие процедуры защиты | 5 |
| | **Сумма баллов** | **10** |
| | **Средний балл** | **5** |
| | **Общая сумма баллов** | **111** |
| | **Средний балл** | **4,8** |

Официальный оппонент: д.п.н., проф. А. Алимбеков

Подпись А.Алимбекова заверяю

КЕНСЕ